**ЭМС кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын**
**№ 1 протоколунан жазма көчүрмө**
15.09.2025

**Катышты:** каф. башчысы, ф.-м.и.к., доц. Алиева А. Р., п.и.д., проф. Акматкулов А. А., т.и.к., доц. Каримбаев Т. Т., т.и.к., доц. Уметалиева Ч. Т., т.и.к., доц. Осмонова Р. Ч., ф.-м.и.к., доц. Орозобекова А. К., ф.-м.и.к., доц. Картанова А. Ж., т.и.к., доц. Темирбаева Н. Ы., т.и.к., доц. Давлятова Б. Д., доц. Абдыраимова К. С., улук окут. Белоконь П. И., улук окут. Абдрасакова А. Б., улук окут.Абдиева С. К., PhD докторант Токтоналы А., PhD докторант Мамадалиева Ж., PhD докторант Сыдыкова З. А., PhD докторанттар Ван Сюйин, Ли Син, Ма Цзинхуэй, Ли Яюн, Го Боцзянь.
**Чакырылгандар:** Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин доценти, Информатика адистиги боюнча философия доктору (PhD) Рахимова Диана Рамазановна.

**Күн тартибиндеги маселелер:**
3. PhD докторанттарды аттестациялоо

**Угулду:**
1. PhD ББП жетекчиси Асель Джумановна, докторанттар Токтоналы Аида жана Мамадалиева Жылдыз диссертациялык иштерин дээрлик даярдап бүтүшкөнүн белгиледи. Scopus базасындагы журналдарга макала жарыялоо өтө чоң күч-аракетти талап кылат: бир жагынан — убакыт маселеси, экинчи жагынан — көптөгөн журналдар макаланы кыска убакыт ичинде кабыл алышпайт, анткени антиплагиаттан өткөрүп, рецензияларды алууга убакыт кетет. Ошондой эле техникалык шарттар боюнча да кыйынчылыктар бар: докторанттардын темалары актуалдуу, бирок моделдерди окутуу үчүн суперкомпьютерлер жоктугунан кыйналып жатышат. Ошентсе да, окуу планынын бардык талаптары толугу менен аткарылган, учурда Scopus макалаларын чыгарып, диссертацияны коргоо гана калган. Сөз докторанттарга берилди.

2. Докторант Токтоналы А. 3 жылдык окуу мөөнөтүндө аткарылган иштер боюнча отчету. Бардык сабактар окуу планга ылайык окулуп, экзамендер ийгиликтүү тапшырылган. 2006-жылдан бери адистиги боюнча улук окутуучу болуп иштеп келе жаткандыктан, анын педагогикалык ишмердүүлүгү илимий-педагогикалык практика катарында эсепке алынган. Кошумча илимий-педагогикалык практиканы КазНУ им. аль-Фарабиде (15.04.2025 – 19.04.2025) өтүп, профессордук-окутуучулар курамынын катышуусунда изилдөө иши боюнча илимий талкуу уюштурулуп, сунуштар берилген жана бул тууралуу отчет тапшырылды. Илимий стажировканы Гамбург колдонмо илимдер университетинде (Германия) (20.11.2022 – 24.12.2022) проф. М. Тропманн-Фрик жана проф. М. Гиллердин жетекчилиги астында ийгиликтүү өтүп, отчет тапшырды. 3 жыл аралыгында НИР боюнча семестрдик отчеттор өз убагында тапшырылды, Алгачкы бекитилген тема боюнча Кыргызчтандын түштүгүндөгү селдердин жүрүшүн машинаны окутуу ыкмасы менен изилдөө (№2/13 буйрук, 31.03.2023-ж.) боюнча материалдары топтолуп, методологиясы иштелип чыккан, бирок спутниктен алынган материалдардын жеткиликтүү эместигинен 2024-жылдын февралында (№2/12 буйрук, 06.02.2024-ж.) илимий тема жарым-жартылай өзгөртүлгөн. Өзгөрүлгөн тема боюнча диссертациялык иштин биринчи бөлүмү даяр (май 2024), анын негизинде 2 илимий макала «КГТУнун жарчысы» журналында (импакт-фактор 0,223) жарыяланган. Экинчи жана үчүнчү бөлүмдөрдүн үсүндө иштеп жатат. 1 макала Scopus базасындагы журналга даярдалган, 2-чи макала Scopus/Web of Science журналына даярдалууда (май 2025ке чейин жарыялоо пландалган). Чакырылган профессор катары 13.12.2024 күнү Москвадагы Финансы университетинде «Comparison of Neural Network Architectures for solving NLP tasks» темасында

онлайн лекция окуду. Магистранттар менен бирге кафедранын «Дни науки – 2024» илимий семинарларына (06.11.2024 жана 20.03.2025) катышты. 23–24.04.2025 Москвадагы Финансы университетинде өткөн «III эл аралык илимий-практикалык конференцияга» студенттер жана аспиранттар менен бирге катышты. Жалпысынан, жеке планда каралган теориялык окуу, экза мендер, педагогикалык практика, илимий стажировка, НИР отчеттору, илимий макалалар жана диссертациянын негизги бөлүктөрү аткарылган.

**Сүйлөштү:**
Рахимова Диана Рамазановна, докторант Токтоналы Аиданын илимий иши менен тааныш экендигин билдирди жана которуу моделин окутуу үчүн маалыматтарды чогултуп, моделди окутуп, натыйжасын Scopus базасында жарыялоо өтө көп убакытты талап кыларын белгиледи. Докторант Токтоналы Аида Казак улуттук университетине педагогикалык практика өтүү үчүн келгенде кафедрада бул ишти талкуулаганын айтты. Ишти толук бүтүрүү үчүн, диссертациялык изилдөөнүн маанилүү бөлүгү болгон моделди окутууда A100 же V100 деңгээлиндеги GPUлар бир окутууда жүздөгөн саат талап кылаарын белгилеп өттү.
**Суроо беришти**: Илимий изилдөөнү аягына чыгарууда кандай каржылык же техникалык тоскоолдуктар болду?
**Докторант Токтоналы Аиданын жообу:**
Илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө диссертациянын темасы абдан актуалдуу, бирок ошол эле учурда татаал болгондуктан, айрым бөлүктөрүн кайра тактап, изилдөө багытын кеңейтүүгө туура келди. Англис тилинен кыргыз тилине которулган техникалык багыттагы китептер, макалалардын аздыгы синтетикалык (жасалма) параллель корпусту топтоого мажбур кылды. Китеп, макалаларды англис тилинен которуп чыгууга жана которулган маалыматты кайрадан адис тарабынан текшертүүгө көп убакытты талап кылууда. Экинчиден, мындай чоң көлөмдөгү маалыматтарды окутуу үчүн зарыл болгон суперкомпьютердин жеткиликтүү эместиги, мындай ресурстарды издеп таап, аны иштетүүгө уруксат алуу кошумча убакытты талап кылууда. Google Colab дин бекер T4 GPU дайыма эле бериле бербейт, окутуу учурунда сессия үзүлүп калат жана 1M жуп корпус үчүн оор болот. Colab Pro+ A100 GPU менен бир сессия 24 сааттай болот, биздин модель бир нече жумалап окутулат. Бул дагы кошумча каржыны талап кылат. Ошентсе да, окуу планынындагы бардык талаптар толук аткарылды. Ушул себептерге байланыштуу диссертациялык ишти аягына чыгаруу үчүн кошумча бир жылга узартуу мүмкүнчүлүгүн карап берүүнү суранам.

Кафедра мүчөлөрү докторант Токтоналы Аиданын берген отчетун угуп, темасы 2024-жылы өзгөргөндүгүнө байланыштуу диссертациялык ишти толук аяктоо үчүн кошумча убакыт талап кылынарын айтышты.

Добуш берүүнүн жыйынтыгында жыйынга катышкандардын баарынын макулдугу менен

**Чечим кабыл алынды**:
1. Докторант Токтоналы Аиданын илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө кездешкен техникалык жана каржылык кыйынчылыктарын эске алып, диссертациялык иштин актуалдуулугуна байланыштуу маалымат топтомун көбөйтүүгө, моделди кайра окутууга жана изилдөөлөрдү жыйынтыктоого кошумча убакыт талап кылып жаткандыгы эске алынып, КГТУнун жобосунун 3.2-пунктуна ылайык, кафедра докторант Токтоналы Аиданын диссертациялык ишин толук жазып бүтүрүү үчүн кошумча мөөнөт берүү менен окуу мөөнөтүн 1 (бир) жылга узартууну сунуштайт.

3. Докторант Мамадалиева Ж.Б. 3 жылдык окуу мөөнөтүндө аткарылган иштер боюнча отчет берди. Бардык сабактар окуу планга ылайык окулуп, экзамендер ийгиликтүү тапшырылган. Мамадалиева Ж.Б. Кыргыз-Орус Славян университетинин «Байланыш тармактары жана коммуникация системалары» кафедрасында адистиги боюнча улук окутуучу болуп иштейт, анын педагогикалык ишмердүүлүгү илимий-педагогикалык практика катары эсепке алынды. Германиянын Гамбург колдонмо илимдер университетинде бир айлык стажировкасы PhD докторанттардын илимий-изилдөө иши катары таанылды. 10дон ашуун илимий макала жарыяланган, анын ичинен 1 макала Scopus базасында индекстелген журналда. Диссертациялык иш 75 пайызга даяр.

Добуш берүүнүн жыйынтыгында жыйынга катышкандардын баарынын макулдугу менен:
**Чечим кабыл алынды**:

1. Докторант Мамадалиева Жылдыздын отчету бир добуштан кабыл алынып, аттестациядан өттү.

4. ИСПPhD-24 тобунун докторанттары Абдиева С. К., Ван Сюйин, Ли Синь, Ма Цзинхуэй, Ли Юн, Го Боцзянь 1 жылдык окуу мөөнөтүндөгү отчетун беришти жана ИСПPhD-23 тобунун докторанты Сыдыкова З. А. 2 жылдык окуу мөөнөтүндө аткарылган иштер боюнча отчет берди.

Добуш берүүнүн жыйынтыгында жыйынга катышкандардын баарынын макулдугу менен:
**Чечим кабыл алынды**:

1. Докторант Сыдыкова З. А.нын отчету бир добуштан кабыл алынып, PhD-докторантуранын кийинки курсуна окуусун улантууга сунушталат.
2. Докторанттар Абдиева С. К., Ван Сюйин, Ли Синь, Ма Цзинхуэй, Ли Юн, Го Боцзянь дын отчету бир добуштан кабыл алынып, PhD-докторантуранын кийинки курсуна окуусун улантууга сунушталат.

Кафедра башчысы — А. Р. Алиева

Катчы — Б.М. Батырбекова